**КЫРГЫЗ – ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОЛДОНУУ**

**ЖАНА ЭКОЛОГИЯ БИЛИМ БАГЫТЫ**


# КӨМҮРТЕКТИН КОШ КЫЧКЫЛЫ – КАЛЬЦИЙДИН КЫЧКЫЛЫ – СУУ СИСТЕМАСЫН МОДЕЛДӨӨ ЖАНА ГАЗ ФАЗАСЫНЫН ТААСИРИН ЧӨЙРӨДӨ АЗАЙТУУ


**Даярдаган**
**Баялы кызы Бегайым**

**Жетекчиси**
**т.и.д., профессор Маймеков Зарлык**


**Магистрдик диссертация**

**Июнь 2020**

**БИШКЕК, КЫРГЫЗСТАН**


2020

КӨМҮРТЕКТИН КОШ КЫЧКЫЛЫ – КАЛЬЦИЙДИН КЫЧКЫЛЫ – СУУ СИСТЕМАСЫН МОДЕЛДӨӨ ЖАНА ГАЗ ФАЗАСЫНЫН ТААСИРИН ЧӨЙРӨДӨ АЗАЙТУУ

Баялы кызы Бегайым

**КЫРГЫЗ – ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ**

**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**ЖАРАТЫЛЫШТЫ КОЛДОНУУ**

**ЖАНА ЭКОЛОГИЯ БИЛИМ БАГЫТЫ**

# КӨМҮРТЕКТИН КОШ КЫЧКЫЛЫ – КАЛЬЦИЙДИН КЫЧКЫЛЫ – СУУ СИСТЕМАСЫН МОДЕЛДӨӨ ЖАНА ГАЗ ФАЗАСЫНЫН ТААСИРИН ЧӨЙРӨДӨ АЗАЙТУУ

**Даярдаган**

**Баялы кызы Бегайым**

**Жетекчиси**

**т.и.д., профессор Маймеков Зарлык**

**Магистрдик диссертация**

**Июнь 2020**

**БИШКЕК, КЫРГЫЗСТАН**

## ПЛАГИАТ ЖАСАЛБАГАНДЫГЫ ТУУРАЛУУ БИЛДИРҮҮ

Мен бул эмгекте алынган бардык маалыматтарды академиялык жана этикалык эрежелерге ылайык колдондум. Тагыраак айтканда, бул эмгекте колдонулган, бирок мага тиешелүү болбогон маалыматтардын бардыгын тиркемеде так көрсөттүм жана башка булактардан плагиат жасалбагандыгына ынандырып кетким келет.

Аты-жөнү: Баялы кызы Бегайым
Колу:

## BİLİMSEL ETİĞE UYGUNLUK

Bu çalışmadaki tüm bilgilerin, akademik ve etik kurallara uygun bir şekilde elde edildiğini beyan ederim. Aynı zamanda bu kural ve davranışların gerektirdiği gibi, bu çalışmanın özünde olmayan tüm material ve sonuçları tam olarak aktardığımı ve referans gösterdiğimi belirtirim.

Adı Soyadı: Bayalı kızı Begayım
İmza:

**YÖNERGEYE UYGUNLUK**

"Karbon dioksit – kalsiyum oksit – su sistemini modelleme ve gaz fazının etkisini çevrede azaltmak" adlı Yüksek Lisans Tezi, Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Lisansüstü Tez Önerisi ve Tez Yazım Yönergesi'ne uygun olarak hazırlanmıştır

Bayalı kızı Begayım
**İmza**

Prof. Dr. Zarlık Maymekov
**İmza**

Çevre Mühendisliği ABD Başkanı
Prof. Dr. Zarlık Maymekov
İmza

**ЭРЕЖЕЛЕРГЕ БАШ ИЙҮҮ**

«Көмүртектин кош кычкылы – кальцийдин кычкылы – суу системасын моделдөө жана газ фазасынын таасирин чөйрөдө азайтуу» аттуу магистрдик иш, Кыргыз-Түрк "Манас" Университетинин магистрдик диссертация долбоору жана диссертацияны жазуу эрежелерине туура келгендей болуп даярдалды.

Баялы кызы Бегайым
Колу:

т.и.д., проф. Маймеков З.К.
Колу:

Экология Инженерлиги Бөлүмүнүн Башчысы
т.и.д., проф. Маймеков З.К.
Колу

## КАБЫЛ АЛУУ ЖАНА ЧЕЧИМ

т.и.д., проф. Маймеков Зарлыктын жетекчилигинде Баялы кызы Бегайым тарабынан даярдалган «Көмүртектин кош кычкылы – кальцийдин кычкылы – суу системасын моделдөө жана газ фазасынын таасирин чөйрөдө азайтуу» темасындагы магистрдик иш комиссия тарабынан Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин Табигый илимдер институтунун Жаратылышты колдонуу жана экология билим багытында магистрдик иш болуп кабыл алынды.

30.06.2020

**Комиссия:**

| | | |
|---|---|---|
| **Илимий жетекчи:** | т.и.д., проф. Маймеков З.К. | |
| **Төрагасы:** | х.и.д., проф. Карабаев С.О. | ............ |
| **Мүчө:** | т.и.д., проф. Кожобаев К.А. | ............ |
| **Мүчө:** | PhD, проф. Мустафа Долаз | ............ |
| **Мүчө:** | доц.м.а. Искакова Ж.Т. | ............ |
| **Мүчө:** | х.и.к., Шайкиева Н.Т. | ............ |
| **Мүчө:** | Бейшекеева Жылдызкан | |

**ЧЕЧИМ:**

Бул магистрдик иштин кабыл алынышы Институт башкаруу кеңешинин 06/07/20 датасында жана 2020.21.142 санындагы чечими менен бекитилди.

06./07../2020

проф. Селахаттин Гүлтекин

Институт Мүдүрү

**KABUL VE ONAY**

Prof. Dr. Zarlık Maymekov danışmanlığında Bayalı kızı Begayım tarafından hazırlanan "Karbon dioksit – kalsiyum oksit – su sistemini modelleme ve gaz fazının etkisini çevrede azaltmak" adlı bu çalışma, jürimiz tarafından Kırgızistan - Türkiye Manas Üniversitesi Fen Bilimleri Enstitüsü Çevre Mühendisliği Ana Bilim Dalı Dalında Yüksek Lisans Tezi olarak kabul edilmiştir.

30.06.2020

**JÜRİ:**

| | | |
|---|---|---|
| **Danışman** | Prof. Dr. Zarlık Maymekov | ............ |
| **Jüri başkanı** | Prof. Dr. Sultan Karabaev | ............ |
| **Üye** | Prof. Dr. Kanatbek Kocobaev | ............ |
| **Üye** | Prof. Dr. Mustafa Dolaz | ............ |
| **Üye** | Y.Doç. Dr. Canıl İskakova | ............ |
| **Üye** | Dr. Nurzat Şaykieva | ............ |
| **Üye** | Cıldızkan Beyşekeeva | |

**ONAY:**

**Bu tezin kabulü Enstitü Yönetim Kurulunun** 06/07/2020 **tarih ve** 2020.11.142 **sayılı kararı ile onaylanmıştır.**

06./07./2020

Prof. Dr. Selahattin Gültekin

Enstitü Müdürü

# АЛГАЧ СӨЗ

Билим алууда салымы чоң, магистрдик ишти даярдоодо мага жардамын жана ой - пикирлерин аябаган илимий жетекчим техника илимдеринин доктору, профессор Маймеков Зарлык Капаровичке жана магистрдик окуу процессинде окуткан Табигый илимдер институтунун жалпы мугалимдер жамаатына жана кызматкерлерине терең ыраазычылыгымды билдирем.

Баялы кызы Бегайым

Бишкек, июнь, 2020

**КӨМҮРТЕКТИН КОШ КЫЧКЫЛЫ – КАЛЬЦИЙДИН КЫЧКЫЛЫ – СУУ СИСТЕМАСЫН МОДЕЛДӨӨ ЖАНА ГАЗ ФАЗАСЫНЫН ТААСИРИН ЧӨЙРӨДӨ АЗАЙТУУ**

**БАЯЛЫ КЫЗЫ БЕГАЙЫМ**

**КЫРГЫЗ – ТҮРК «МАНАС » УНИВЕРСИТЕТИ,**
**ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ИНСТИТУТУ**

**МАГИСТРДИК ДИССЕРТАЦИЯ, ИЮНЬ 2020**
**ИЛИМИЙ ЖЕТЕКЧИ: т.и.д., профессор МАЙМЕКОВ ЗАРЛЫК**

## КЫСКАЧА МАЗМУНУ

Диссертацияда көмүр кычкыл газынын негизги табигый жана өндүрүштүк булактары каралды. Лабораториялык шартта ал газды эритмеге өткөрүп, эксперименталдык жол менен аныктоо орун алды. Көмүр кычкыл газынын абадагы өлчөмдөрүн кескин азайтуу үчүн бир нече хемосорбенттер, б.а. химиялык заттар белгиленди. Аларга кальцийдин кычкылы ($CaO$); кальцийдин суу кычкылы ($Ca(OH)_2$), натрий жана кальцийдин суу кычкылдарынын биригиши ($Ca(OH)_2$ (84%) + $NaOH$ (3%) + $H_2O$ (13%)); кальцийдин хлориди + кальцийдин сульфаты; кремнийдин кош кычкылы + магнийдин суу кычкылы + алюминийдин суу кычкылы; барийдин суу кычкылы кирди. Жогоруда берилген системалар температуранын ар кыл маанисинде Гиббстин энергиясы минималдык болгон маанисинде эсептелди. Натыйжада физика – химиялык жана термодинамикалык параметрлердин маанилери ар бир система үчүн эсептелип чыкты. Негизги аныктоочу параметр катары эритменин суутектик көрсөткүчү кабыл алынды, себеби pH тын маанисине карата эритмеде көмүр кычкыл газы көп кошулса кычкылдык ($pH < 7$) чөйрөгө шарт түзүлүп, pH төмөндөшү ыктымал. Ал эми pH өсүп щелочтук чөйрө ($pH > 7$) түзүлсө, анда берилген система көмүр кычкыл газын жакшы соруп алып, аны байлап, азайтууга шарт түзөт.

Берилген натыйжаларды эске алып, диссертацияда pH, Eh, TDS маанилери табылды. Көз каранды эмес (элементтердин) параметрлеринин концентрациялык

таралышы, көз каранды (бөлүкчө, химиялык кошулмалардын) концентрациялык таралышы эсептелди. Мындан сырткары газдардын ($O_2$, $CO_2$ ж.б.) эритмедеги эриши жана өлчөмдөрү көрсөтүлдү. pH = f (t), Eh = f (t), TDS = f (t) көз карандылыктары бардык системалар үчүн каралып, графиктер түзүлдү. Каралган системалар: $CaO$ - $H_2O$ - $CO_2$; (3%) $NaOH$ – (84%) $Ca(OH)_2$ – (13%) $H_2O$ – $CO_2$; $CaCl_2$ – $CaSO_4$ – $H_2O$ - $CO_2$; $SiO_2$ – $Mg(OH)_2$ – $Al(OH)_3$ - $H_2O$ - $CO_2$ жана $Ba(OH)_2$ - $H_2O$ - $CO_2$ боюнча толук маалыматтар алынып, алар жадыбалдарда берилди. Каралган хемосорбенттердин ичинен $CaO$ жана $CaCl_2$ – $CaSO_4$ заттары көмүр кычкыл газын жакшы жутуп, pH тын маанисин 10,10 – 12,50 чейин жеткизди. Ошондуктан, $CaO$ - $H_2O$ - $CO_2$ системасындагы көмүр кычкыл газынын $CaO$ - $H_2O$ аралашма менен сорулуп, газдын таасиринин чөйрөдөгү зыяндуулугунун азайышынын коромжусу эсептелип бааланды.

Диссертациялык иште алынган натыйжалар боюнча бир макала жазылып, басмадан чыкты.

**Ачкыч сөздөр:** көмүртектин кош кычкылы, суу, кальцийдин кычкылы, кальцийдин суу кычкылы, концентрация.

**KARBON DİOKSİT – KALSİYUM OKSİT – SU SİSTEMİNİ MODELLEME VE GAZ FAZININ ETKİSİNİ ÇEVREDE AZALTMAK**

**BAYALI KIZI BEGAYIM**

**KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ,**

**FEN BİLİMLERİ ENSTİTÜSÜ**

**YÜKSEK LİSANS, HAZİRAN 2020**

**DANIŞMAN: PROF. DR. ZARLIK MAYMEKOV**

## GENİŞ ÖZET

Tezde, doğal ve endüstriyel karbon dioksit kaynakları dikkate alınır ve gaz fazından gaz emilimi için kimyasal sorbentler not edilir. Çalışmanın deneysel bölümünde, çözelti içindeki karbon dioksit konsantrasyonu kimyasal analiz yöntemlerine göre belirlenmiştir. Kemisorbentler arasında aşağıdakiler not edildi: $CaO$; $Ca(OH)_2$; $NaOH$ (%3) - $Ca\ (OH)_2$ (%84) - $H_20$ (%13); $CaCl_2$ - $CaS0_4$; $Si0_2$ - $Mg(OH)_2$ - $Al(OH)_3$; $Ba(OH)_2$. Karbon dioksit ve su içeren yukarıda bahsedilen sistemler minimum Gibbs enerjisi ile çeşitli sıcaklıklarda incelenmiştir. Sistemin termodinamik ve fizikokimyasal parametreleri hesaplanmıştır. Kimyasal emicinin seçimi için belirleyici parametreler, çalışılan sistemin hidrojen parametresi (pH) idi; burada ($pH < 7$) ve ($pH > 7$), çözeltinin pH'ına göre bir veya başka bir sistemin etkinliğini belirledi. Sistemlerin $CaO$ - $H_2O$ - $CO_2$, $CaCl_2$ - $CaSO_4$ - $H_2O$ - $CO_2$'nin $CO_2$ açısından daha verimli olduğu tespit edilmiştir, çünkü pH 10,10 – 12,50 arasında değişmektedir. Bu koşullar göz önüne alındığında, türün grafik bağımlılıkları oluşturuldu: $pH = f\ (t)$, $Eh = f\ (t)$, $TDS = f\ (t)$ her sistem için. Çözeltinin sıcaklığına bağlı olarak pH'ı belirlemek için hesaplanan formüller elde edildi. Sucul ortamda gazın yanı sıra bağımlı, bağımsız parametrelerin konsantrasyon dağılımı belirlenmiştir. Elde edilen veriler, incelenen tüm sistemler için tablo şeklinde sunulmaktadır. Incelenen sistemlerin kemisorpsiyon verileri, karbon dioksitle, yani

çözeltinin pH'ını geniş sıcaklık değişimleri aralığında (278,15 – 298,15 K sıcaklık adımında 5 °C'lik bir değişiklikle) değiştirerek. Elde edilen veriler CaO - $H_2O$ - $CO_2$, $CaCl_2$ - $CaSO_4$ - $H_2O$ - $CO_2$ sistemlerinin $CO_2$'ye göre daha verimli olduğunu, burada pH = 10,10 – 12,50 olduğunu gösterdi. Buna bağlı olarak, son koşullar dikkate alınarak, karbon dioksitin neden olduğu hava kirliliğinin neden olduğu hasar ve CaO - $H_2O$ ve $CaCl_2$ - $CaSO_4$ - $H_2O$'nun sorpsiyonuna bağlı azalması hesaplanmıştır.

Tezin sonuçlarına dayanarak bir makale yazıldı ve yayınlandı.

**Anahtar kelimeler:** karbon dioksit, su, kalsiyum oksit, kalsiyum hidroksit, konsantrasyon.

# МОДЕЛИРОВАНИЕ СИСТЕМЫ ДИОКСИД УГЛЕРОДА – ОКСИД КАЛЬЦИЯ – ВОДА И УМЕНЬШЕНИЕ ВЛИЯНИЯ ГАЗОВОЙ ФАЗЫ В ОКРУЖАЮЩЕЙ СРЕДЕ

**БАЯЛЫ КЫЗЫ БЕГАЙЫМ**

**Кыргызско - Турецкий университет "Манас",**

**Институт естественных наук**

**МАГИСТЕРСКАЯ ДИССЕРТАЦИЯ, ИЮНЬ 2020**

**НАУЧНЫЙ РУКОВОДИТЕЛЬ: д.т.н., проф. МАЙМЕКОВ ЗАРЛЫК**

## АННОТАЦИЯ

В диссертационной работе рассмотрены естественные и производственные источники диоксида углерода и отмечены химические сорбенты для поглощения $CO_2$ из газовой фазы. В экспериментальной части работы проведены определения концентрации диоксида углерода в растворе на основе химических методов анализа. Из числа хемосорбентов отмечены следующие: CaO; $Ca(OH)_2$; NaOH (3%) - $Ca(OH)_2$ (84%) - $H_2O$ (13%); $CaCl_2$ – $CaSO_4$; $SiO_2$ – $Mg(OH)_2$ – $Al(OH)_3$; $Ba(OH)_2$. Указанные выше системы с включением диоксида углерода и воды исследованы при различных температурах при минимальных значениях энергии Гиббса. Рассчитаны термодинамические и физико – химические параметры системы. Определяющим параметрам при подборе хемосорбента служил водородный покозатель (pH) изучаемой системы, где ($pH < 7$) и ($pH > 7$), которая определила эффективности той или иной рассматриваемой системы по отношению pH раствора. Установлено, что системы: CaO - $H_2O$ - $CO_2$, $CaCl_2$ – $CaSO_4$ – $H_2O$ - $CO_2$ более эффективны по отношению $CO_2$, поскольку там pH изменяется от 10,10 – 12,50. С учетом этих обстоятельств построены графические зависимости типа: pH = f (t), Eh = f (t), TDS = f (t) для каждой системы. Получены расчетные формулы для определения pH в зависимости от температуры раствора. Установлено концентрационное распределения зависимых, независимых параметров, а также газа в водной среде. Полученные данные приведены в табличном виде для всех

изученных систем. Хемосорбционные данные изученных систем сопоставлены по диоксиду углероду, т.е. по изменению величины pH раствора в широких интервалах изменения температуры (278,15 – 298,15 K с изменением шага по температуре 5 °C). Полученные данные показали, что $CaO$ - $H_2O$ - $CO_2$, $CaCl_2$ – $CaSO_4$ – $H_2O$ - $CO_2$ системы более эффективны по отношению $CO_2$, где pH = 10,10 – 12,50. Соответсвенно, с учетом последних обстоятельств произведен расчет ущерба, обусловленного загрязнением воздушной среды диоксидом углерода и его снижение за счет сорбции: $CaO$ - $H_2O$ и $CaCl_2$ – $CaSO_4$ – $H_2O$.

По результатам диссертационной работы написана статья и опубликована.

**Ключевые слова:** диоксид углерода, вода, оксид кальция, гидрооксид кальция, концентрация.

**MODELING OF CARBON DIOXIDE – CALCIUM OXIDE – WATER SYSTEM AND REDUCING THE INFLUENCE OF THE GAS PHASE IN THE ENVIRONMENT**

**BAIALY KYZY BEGAIYM**

**Kyrgyz Turkish «Manas» University,**

**Graduate School of Natural and Applied Science**

**MASTER THESIS, JUNE 2020**

**SUPERVISOR: PROF. DR. ZARLYK MAIMEKOV**

## ABSTRACT

In the dissertation work, natural and industrial sources of carbon dioxide are considered and chemical sorbents for gas absorption from the gas phase are noted. In the experimental part of the work, the concentration of carbon dioxide in the solution was determined based on chemical analysis methods. The following chemosorbents were noted: CaO; $Ca(OH)_2$; NaOH (3%) - $Ca(OH)_2$ (84%) – $H_2O$ (13%); $CaCl_2$ – $CaSO_4$; $SiO_2$ – $Mg(OH)_2$ – $Al(OH)_3$; $Ba(OH)_2$. The systems mentioned above with the inclusion of carbon dioxide and water were studied at different temperatures at minimum values of Gibbs energy. Thermodynamic and physical – chemical parameters of the system are calculated. The determining parameter in the selection of chemosorbent was the hydrogen index (pH) of the system under study, where (pH < 7) and (pH > 7) determined the effectiveness of a particular system under consideration with respect to the pH of the solution. It is established that the systems: CaO - $H_2O$ - $CO_2$, $CaCl_2$ - $CaSO_4$ – $H_2O$ - $CO_2$ are more efficient relative to $CO_2$, since there the pH varies from 10,10 - 12,50. Taking these circumstances into account, graphical dependencies of the following types are constructed: pH = f (t), Eh = f (t), TDS = f (t) for each system. Calculated formulas for determining the pH depending on the temperature of the solution are obtained. The concentration distribution of dependent, independent parameters, as well as gas in the water environment is established. The data obtained are presented in tabular form for all the studied systems. The chemisorption

data of the studied systems were compared by carbon dioxide, i.e. by the change in the pH value of the solution in wide temperature ranges (278,15 – 298,15 K with a change in the temperature step of 5 °C). The data obtained showed that $CaO$ - $H_2O$ - $CO_2$, $CaCl_2$ – $CaSO_4$ – $H_2O$ - $CO_2$ systems are more efficient with respect to $CO_2$, where pH = 10,10 – 12,50. Accordingly, taking into account the latest circumstances, the damage caused by air pollution with carbon dioxide and its reduction due to sorption of $CaO$ - $H_2O$ and $CaCl_2$ – $CaSO_4$ – $H_2O$ was calculated.

Based on the results of the thesis, an article is written and published.

**Keywords:** carbon dioxide, water, calcium oxide, calcium hydroxide, concentration.

## МАЗМУНУ

## КӨМҮРТЕКТИН КОШ КЫЧКЫЛЫ – КАЛЬЦИЙДИН КЫЧКЫЛЫ – СУУ СИСТЕМАСЫН МОДЕЛДӨӨ ЖАНА ГАЗ ФАЗАСЫНЫН ТААСИРИН ЧӨЙРӨДӨ АЗАЙТУУ


**BİLİMSEL ETİĞE UYGUNLUK** ........ i

**YÖNERGEYE UYGUNLUK** ........ i

**ЭРЕЖЕЛЕРГЕ БАШ ИЙҮҮ** ........ i

**KABUL VE ONAY** ........ i

**АЛГАЧ СӨЗ** ........ i

**КЫСКАЧА МАЗМУНУ** ........ ii

**GENİŞ ÖZET** ........ iv

**АННОТАЦИЯ** ........ vi

**ABSTRACT** ........ viii

**СИМВОЛДОР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР** ........ xii

**ЖАДЫБАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ** ........ xiii

**ДИАГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ** ........ xiv

**СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ** ........ xvii

**КИРИШҮҮ** ........ xviii

**1. БӨЛҮМ. АДАБИЯТТЫК ТАЛДОО** ........ 1

1.1. **Көмүртектин кош кычкылынын чөйрөдөгү булактары жана анын өлчөмүн азайтуу жолдору** ........ 1

**1.2. Көмүртектин кош кычкылын азайтуучу химиялык сорбенттер** ........ 5

**2. БӨЛҮМ. ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШТЕР** ........ 13

**2.1. Көмүртектин кош кычкылынын эритмедеги эришин аныктоо** ........ 13

**2.2. Көмүртектин кош кычкылынын Ca, Na кычкыл, суу кычкыл эритмелериндеги каныгуулары** ........ 16

**3. БӨЛҮМ. НАТЫЙЖАЛАР** ........ 22

**3.1. $CaO – CO_2 – H_2O$, $Ca(OH)_2 – CO_2 – H_2O$ системалары жана эритмелердеги $CO_2$ концентрациялык таралыштары** ........ 22

**3.2. $NaOH$ (3%) - $Ca(OH)_2$ (84%) - $H_2O$ (13%) - $CO_2$ системасы жана эритмедеги $CO_2$ концентрациялык таралышы** ........ 26

**3.3. $CaCl_2 – CaSO_4 – H_2O$ - $CO_2$ системасы жана эритмедеги $CO_2$ концентрациялык таралышы** ........ 30

**3.4. $SiO_2 – Mg(OH)_2 – Al(OH)_3$ - $H_2O$ - $CO_2$, $Ba(OH)_2$ - $H_2O$ - $CO_2$ системалары жана эритмелердеги $CO_2$ концентрациялык таралышы** ........ 33

**3.5. $CaO$ - $H_2O$ системасында $CO_2$ сорулушу жана газдын зыяндуу таасирин азайтуу коромжусун экологиялык баалоо** ........ 41

**4. КОРУТУНДУЛАР** ........ 44

**5. КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР** ........ 45

**ТИРКЕМЕЛЕР** ........ 48

**ӨМҮР БАЯН** ........ 75

# СИМВОЛДОР ЖАНА КЫСКАРТУУЛАР

| **Кыскартуулар** | **Мааниси** |
|---|---|
| $см^3$ | сантиметр куб |
| мг/л | милиграмм/литр |
| $м^3$/саат | метр куб/саат |
| н | нормалдуу |
| кг | килограмм |
| Т | температура |
| К | Кельвин |
| % | пайыз |
| АКШ | Америка Кошмо Штаттары |
| ж.б. | жана башка |
| б.а. | башкача айтканда |

# ЖАДЫБАЛДАРДЫН ТИЗМЕСИ


Жадыбал 1.2.1. $CO_2$ нин жогорку концентрациясынан абаны тазалоочу кальцийдин суу кычкылынын негизиндеги химиялык азыктардын маркалары жана өндүрүүчүлөрдүн фирмалары ........ 11

Жадыбал 2.2.1. Кальцийдин кычкылы – суу – системасына (0,002н $Ca(OH)_2$) $CO_2$ ни жибергендеги pH мааниси жана чөкмөнүн түшүшү ($CaCO_3\downarrow$) ........ 17

Жадыбал 2.2.2. Кальцийдин кычкылы – суу – системасына (0,002н $Ca(OH)_2$) $CO_2$ ни жибергендеги pH мааниси ........ 17

Жадыбал 2.2.3. 84% $Ca(OH)_2$ + 3% NaOH + 16% $H_2O$ эритмесине $CO_2$ ни концентрациясын улам жогорулатуу менен жибергендеги pH жана $CaCO_3\downarrow$ (чөкмө) мааниси ........ 20

Жадыбал 3.1.1. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын физика - химиялык жана термодинамикалык көрсөткүчтөрү. T=288,15, $CaO$-$H_2O$-$CO_2$ (1:1:2) ........ 22

Жадыбал 3.1.2. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын физика - химиялык жана термодинамикалык көрсөткүчтөрү. T=293,15, $CaO$-$H_2O$-$CO_2$ (1:1:1) ........ 23

Жадыбал 3.2.1. 3% NaOH +84% $Ca(OH)_2$+13% $H_2O$ +3 моль $CO_2$ системасынын физика - химиялык жана термодинамикалык көрсөткүчтөрү. T=288,15 K ........ 27

Жадыбал 3.3.1. Кальцийдин хлориди – кальцийдин сульфаты – суу – көмүртектин кош кычкылы (1:1:1:10) системасынын физика-химиялык жана термодинамикалык көрсөткүчтөрү. T=288,15 K ........ 30

Жадыбал 3.4.1. Кремнийдин кычкылы – магнийдин суу кычкылы – алюминийдин суу кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы (1:1:1:1:10) системасынын физика-химиялык жана термодинамикалык көрсөткүчтөрү. T=288,15 K ........ 33

Жадыбал 3.4.2. Барийдин суу кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы (1:1:10) системасынын физика-химиялык жана термодинамикалык көрсөткүчтөрү. T=288,15 K ........ 37

# ДИАГРАММАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

Диаграмма 2.1.1. Суу-көмүртектин кош кычкылы системасындагы суутектик көрсөткүчтүн көмүртектин кош кычкылынын концентрациясынан көз карандылыгы, Т=293,15 К [35]. ........ 15
Диаграмма 2.1.2. Көмүртектин кош кычкылынын температурадан көз карандылыгы [35]. ........ 16
Диаграмма 2.2.1. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы (0,002н $Ca(OH)_2$) суутектик көрсөткүчтүн көмүртектин кош кычкылынын концентрациясынан көз карандылыгы, Т=293,15 К ........ 18
Диаграмма 2.2.2. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы (0,002н $Ca(OH)_2$) кальцийдин карбонатынын көмүртектин кош кычкылынан көз карандылыгы ........ 18
Диаграмма 2.2.3. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы (0,0007н $Ca(OH)_2$) суутектик көрсөткүчтүн көмүртектин кош кычкылынын концентрациясынан көз карандылыгы, Т=293,15 К ........ 19
Диаграмма 2.2.4. 84% $Ca(OH)_2$ + 3% NaOH + 16% $H_2O$ системасындагы суутектик көрсөткүчтүн көмүртектин кош кычкылынын концентрациясынан көз карандылыгы, Т=293,15 К ........ 21
Диаграмма 2.2.5. 84% $Ca(OH)_2$ + 3% NaOH + 16% $H_2O$ системасындагы кальцийдин карбонатынын көмүртектин кош кычкылынан көз карандылыгы ........ 21
Диаграмма 3.1.1. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын суутектик көрсөткүчүнүн температурадан көз карандылыгы, CaO=1 моль, $CO_2$=1 моль ........ 24
Диаграмма 3.1.2. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы эриген заттын температурадан көз карандылыгы, CaO=1 моль, $CO_2$=1 моль ........ 25
Диаграмма 3.1.3. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын энтальпиясынын температурадан көз карандылыгы, CaO=1 моль, $CO_2$=1 моль ........ 25

Диаграмма 3.1.4. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы суутектик көрсөткүчтүн газдын концентрациясынан көз карандылыгы. T=288,15 K ........ 26
Диаграмма 3.2.1. 3% NaOH +84% $Ca(OH)_2$+13% $H_2O$ +3 моль $CO_2$ системасынын суутектик көрсөткүчүнүн температурадан көз карандылыгы ........ 28
Диаграмма 3.2.2. 3% NaOH +84% $Ca(OH)_2$+13% $H_2O$ +3 моль $CO_2$ системасынын энтальпиясынын температурадан көз карандылыгы ........ 29
Диаграмма 3.2.3. 3% NaOH +84% $Ca(OH)_2$+13% $H_2O$ +3 моль $CO_2$ системасында эриген заттын температурадан көз карандылыгы ........ 29
Диаграмма 3.3.1. Кальцийдин хлориди – кальцийдин сульфаты – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы суутектик көрсөткүчтүн газдын концентрациясынан көз карандылыгы. T=293,15 K ........ 31
Диаграмма 3.3.2. Кальцийдин хлориди – кальцийдин сульфаты – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы суутектик көрсөткүчтүн температурадан көз карандылыгы, $CO_2$=1 моль ........ 32
Диаграмма 3.3.3. Кальцийдин хлориди – кальцийдин сульфаты – суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын энтальпиясынын температурадан көз карандылыгы, $CO_2$=1 моль ........ 32
Диаграмма 3.3.4. Кальцийдин хлориди – кальцийдин сульфаты – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы эриген заттын температурадан көз карандылыгы, $CO_2$=1 моль ........ 33
Диаграмма 3.4.1. Кремнийдин кычкылы – магнийдин кычкылы – алюминийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы суутектик көрсөткүчтүн газдын концентрациясынан көз карандылыгы. T=293,15 K ........ 35
Диаграмма 3.4.2. Кремнийдин кычкылы – магнийдин кычкылы – алюминийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын суутектик көрсөткүчүнүн температурадан көз карандылыгы, $CO_2$=1 моль ........ 36
Диаграмма 3.4.3. Кремнийдин кычкылы – магнийдин кычкылы – алюминийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын энтальпиясынын температурадан көз карандылыгы, $CO_2$=1 моль ........ 36

Диаграмма 3.4.4. Кремнийдин кычкылы – магнийдин кычкылы – алюминийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы эриген заттын температурадан көз карандылыгы, $CO_2$=1 моль ........ 37
Диаграмма 3.4.6. Барийдин суу кычкылы — суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы суутектик көрсөткүчтүн газдын концентрациясынан көз карандылыгы. Т=293,15 К ........ 39
Диаграмма 3.4.7. Барийдин суу кычкылы — суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын суутектик көрсөткүчүнүн температурадан көз карандылыгы, $CO_2$ = 1 моль ........ 39
Диаграмма 3.4.8. Барийдин суу кычкылы — суу – көмүртектин кош кычкылы системасынын энтальпиясынын температурадан көз карандылыгы, $CO_2$ = 1 моль ........ 40
Диаграмма 3.4.9. Барийдин суу кычкылы — суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы эриген заттын температурадан көз карандылыгы, $CO_2$ = 1 моль ........ 40
Диаграмма 3.4.10. Системалардын суутектик көрсөткүчтөрү, $CO_2$=1моль, Т=293 К ........ 41

# СҮРӨТТӨРДҮН ТИЗМЕСИ

Сүрөт 1.2.1. Адамды түтүндөн жана зыяндуу заттардан сактоо үчүн колдонулган кээ бир жекече жабдыктардын (респираторлордун) маркалары .............................. 7
Сүрөт 1.2.2. Коллективдик акиташтык жутуп алгыч Патрон РП-100 ...................... 8
Сүрөт 1.2.3. Акиташтык жутуп алгычтын сырткы көрүнүшү .................................. 9
Сүрөт 2.1.1. Крандан алынган суу үлгүсүн 0,1н NaOH эритмеси менен титрлөө .. 14
Сүрөт 2.1.2. Титрленген жана эркин көмүртектин кош кычкылы аныкталган суу үлгүсү ........................................................................................................ 14
Сүрөт 2.1.3. Моделдик суу үлгүсүндө көмүртектин кош кычкылынын концентрациясын жогорулатуу менен pH маанисин аныктоо ................................ 15

# КИРИШҮҮ

Ар кандай өндүрүш тармактарынан жана автоунаалардан айлана – чөйрөгө ар кандай техногендик газдар бөлүнүп чыгууда. Алардын бири көмүртектин кош кычкылы. Көмүртектин кош кычкылы глобалдык экологиялык көйгөйлөрдүн жаралышына себепкер болот. Мисалы, парник эффектиси, глобалдык жылуулануу, климаттын өзгөрүүсү, фотохимиялык туман жана башка.

Өндүрүш тармактарында органикалык заттар кеңири колдонулат. Алардын кычкылдануусунда абага ар кандай газдар, айрыкча көмүртектин кош кычкылы бөлүнүп чыгат. Азыркы учурда газды тазалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат: абсорбциондук, адсорбциондук, каталитикалык, термикалык жана башка. Көмүртектин кош кычкылын жок кылуунун негизги ыкмалары болуп абсорбциондук жана адсорбциондук ыкмалар эсептелет. Азыркы учурда технологиялык газдарды көмүртектин кош кычкылынан тазалоодо колдонулган келечектүү ыкмаларга физикалык жана химиялык адсорбция кирет. Химиялык адсорбент жогорку температурада көмүртектин кош кычкылынан тазалоону камсыз кылууга жөндөмдүү.

Ошондуктан, диссертацияда көмүр кычкыл газынын негизги табигый жана өндүрүштүк булактары каралды. Лабораториялык шартта ал газды эритмеге өткөрүп, эксперименталдык жол менен аныктоо орун алды. Көмүр кычкыл газынын абадагы өлчөмдөрүн кескин азайтуу үчүн бир нече хемосорбенттер, б.а. химиялык заттар белгиленди. Аларга кальцийдин кычкылы ($CaO$); кальцийдин суу кычкылы ($Ca(OH)_2$), натрий жана кальцийдин суу кычкылдарынын биригиши (84% $Ca(OH)_2$ + 3% $NaOH$ + 13% $H_2O$); кальцийдин хлориди + кальцийдин сульфаты; кремнийдин кош кычкылы + магнийдин суу кычкылы + алюминийдин суу кычкылы жана барийдин суу кычкылы кирди.

# 1. БӨЛҮМ. АДАБИЯТТЫК ТАЛДОО

## 1.1. Көмүртектин кош кычкылынын чөйрөдөгү булактары жана анын өлчөмүн азайтуу жолдору

Көмүртектин кош кычкылынын ($CO_2$) пайда болушунун табигый булактарына вулкандык жарылуулар, органикалык заттардын күйүүсү жана майда жандыктардын дем алуусу кирет. Ошондой эле кээ бир ачуу жана клеткалык дем алуу процесстеринде $CO_2$ пайда болот [1]. Көмүр кычкыл газынын антропогендик булагын жылуулук алуу үчүн отундарды жагуу, электроэнергияны өндүрүү жана автоунааларды иштетүү шарттайт. Ошондой эле көмүр кычкыл газын пайда кылуучу негизги антропогендик булак болуп өнөр – жай өндүрүштөрү саналат. Негизинен көмүр кычкыл газынын табигый булагы физикалык жана биологиялык процесстердеги тең салмактуулукту сактайт, абага бөлүнгөн көмүр кычкыл газынын бир бөлүгү деңиз сууларында эрийт жана калган бөлүгү фотосинтез процессинде бөлүнөт [2]. Сууда эриген көмүр кычкыл газы: $CO_2$, гидрокарбонат жана карбонат – ион түрүндө кармалат. Демек, көмүр кычкыл газы, сууга кандай жол менен берилгендигине карабастан эриген газ – $CO_2$ жана көмүр кислотасы $H_2CO_3$ түрүндө болот [3]. Көмүр кычкыл газы сууга гидробионттордун дем алуусунун натыйжасында жана атмосферадан келип түшөт. 1 литр деңиз сууларында 0,18-0,44 см$^3$ көмүр кычкыл газы кармалат, дистирленген сууда $CO_2$ 0,6 мл/л [4], аккан сууларда көмүр кычкыл газынын концентрациясы 2-10 мг/л [5], жасалма көлдөрдөрдө жана саздарда 15-30 мг/л [6], көлдөрдө көмүр кычкыл газынын концентрациясы көпчүлүк бөлүгү 10-20 мг/л гиполимниондордо жайгашкан [7].

Көмүртектин кош кычкылынан газ – аба чөйрөсүн тазалоо көйгөйү ар кандай өндүрүш тармактарында кездешет. Мисалы, жаратылыш газын кайра иштетүү жараянында, суутекти көмүр суутектерди бууга айлантуу жолу менен алуу, металлургияда коргоочу атмосфераларды түзүү, полимерлерди өндүрүү ж.б.

Көмүртектин кош кычкылынын жогорку концентрациясынан тазалоонун көптөгөн сандагы ыкмалары бар, мисалы көмүртектин кош кычкылын топтоо жана узак мөөнөттө сактоо үчүн карбонаттарды пайда кыла турган геологиялык тукумдарга $CO_2$ ни жиберүү методу колдонулат. $CO_2$ ни океандын абдан терең жеринде сактоо жана минерализациялоо ыкмалары дагы белгилүү [7, 8, 9].

Азыркы учурда газды тазалоонун ар кандай ыкмалары колдонулат: абсорбциондук, адсорбциондук, каталитикалык, термикалык ж.б. Көмүртектин кош кычкылын жок кылуунун негизги ыкмалары болуп абсорбциондук жана адсорбциондук ыкмалар эсептелет [10, 11].

Көмүртектин кош кычкылынан абсорбциондук газды тазалоо мисалдары болуп: этаноламин суу эритмелери, щелочтуу металлдардын туз эритмелери, карбонаттар, органикалык эритмелердеги физикалык абсорбция ж.б. эсептелет. Тазалоонун берилген ыкмалары өнөр – жай тармактарында жетиштүү таралган, бирок алардын колдонуу тармагында андан ары кеңейүүсүн чектеген кемчиликтери бар. Бул кемчиликтерге: технологиялык жараяндардагы коркунучтуу заттардын (аммиак) болушу, жабдуулардын коррозияга учурашы, жараяндын ишке ашышы үчүн көптөгөн энергетикалык жоготуулар, олуттуу сандагы эритмелерди буулантуу аркылуу жоготуу, көмүртектин кош кычкылын аз даражада жок кылуу ж.б. [12, 13].

Иш жүзүндө көмүртектин кош кычкылын жок кылуунун маанилүү жараяны: криогендик, мембрандык жана адсорбциондук, PSA (Pressure swing adsorption) – жараяны адсорбциядагы жогорку жана десорбциядагы жылуулук чыгымын камсыз кылат. TSA (Temperature swing adsorption) – ар кандай температурадагы адсорбция – десорбция чынжырындагы адсорбциондук жараяндарды өткөрүүдөгү салттык ыкма. Толук технологиялык чынжыр өзүнө адсорбция стадиясын, адсорбенттин катмарын жылытууну, десорбция стадиясын жана кийинки чынжырга өткөрүүнүн алдында муздатуу стадиясын камтыйт. Адсорбенттин бетин мезгилдүү жылытуу жана муздатуу керектиги бул ыкманы колдонууну татаалдаштырат жана бул анын эң негизги кемчилиги болуп саналат. TSA үчүн калыбына келүү бир саатты алышы мүмкүн, ал эми PSA үчүн бир нече секундда калыбына келиши мүмкүн. Бул

себептен кээ бир авторлор, TSAге караганда PSA техникалык жана экономикалык жактан көбүрөөк чыныгы жараян деп эсептешет.

Калыбына келүүнүн альтернативдик жараяндары, мисалы, VSA (Vacuum swing adsorption) – чөйрөнүн шартындагы температура жана басым менен иштейт. Десорбция төмөнкү басымда жүргүзүлөт. Бул технология салыштырмалуу аз энергияны колдонгону жана эксплуатациянын жөнөкөйлүгү менен айырмаланат. ESA (Electric swing adsorption) – жогорку температурада өткөргүч аркылуу электро – энергияны берүү жолу менен жүргүзүлөт (Джоуль натыйжасы). Бул жараяндын негизги кемчилиги – газды кургатуу жана муздатуу керектиги [14, 15, 16, 17, 18, 19].

Криогендик жараян – көмүртектин кош кычкылын жогорку тазалыкта алуу үчүн кеңири колдонулат. Берилген ыкманын кемчилиги керектүү муздоону камсыз кылуу үчүн чоң сандагы энергиянын сарпталышы. Ошондуктан, криогендик жараян өзгөчө учурда гана колдонулат [20].

Мембрандык бөлүү – газ аралашмасынын ар кандай өтүүсүнө негизделген. Мембрандардын эки классы бар: полимердик жана органикалык эмес. Биринчи топко полидиметилсилоксан, полиметилметакрилат, поливинилтриметилсилан ж.б. кирет. Органикалык эмес мембрандар негизинен көңдөйчөлүү айнектерге негизделген. Полимердик мембрандар салыштырмалуу арзан жана көмүртектин кош кычкылына мамилеси боюнча жогорку селективдүүлүктү камсыз кылат. Берилген мембрандын кемчилигине алардын жогорку температурада талкалануусунун негизинде технологиялык газдарды тазалоо үчүн колдонуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу кирет. Органикалык эмес мембрандар тосуп калууга анча жакын эмес жана жараянды жогорку температурада бузат [21].

Азыркы учурда технологиялык газдарды көмүртектин кош кычкылынан тазалоодо колдонулган келечектүү ыкмаларга физикалык жана химиялык адсорбция кирет. Химиялык адсорбент жогорку температурада көмүртектин кош кычкылынан тазалоону камсыз кылууга жөндөмдүү. Бул жараяндарга өнөр – жайдык колдонулган адсорбенттер: цеолиттер, көңдөйчөлүү көмүртектер, калыбына келүүчү жана калыбына келбөөчү жутуп алгычтар б.а. сорбция – десорбция чынжырында иштегендер кирет. Жогорку температурадагы калыбына

келүүчү жутуп алгычтар үчүн көмүртектин кош кычкылынын селективдүү жутулушунун мисалдары төмөнкүлөр болушу мүмкүн: кызытылган доломиттер, гидроалькиттер, щелочтуу металлдардын силикаты жана цирконаттары, кальцийдин кычкылы ж.б. Мындай жутуп алгычтар 400 – 900 °С температурада газдык аралашмадан көмүртектин кош кычкылын жок кылууга жөндөмдүү [22].

Жаңы жүз жылдын башталышындагы өнүгүү адсорбентти литийдин цирконатынан алган, өзүнүн көлөмүнөн 400 эсе жогору көмүртектин кош кычкылын жутуп алууга жөндөмдүү болгон. Башка соруп алгыч литийдин силикаты  250 – 550 °С де, 0 – 20 атмосфердик басымда көмүртектин кош кычкылынын 2 – 20 пайыз концентрациясынын азайышына натыйжалуу болуп саналат. Литийдин силикаты литийдин цирконатына караганда жогорку температурада көмүртектин кош кычкылын 30 эсе бат жутуп алат, ошондой эле ал 15 пайызга литийдин цирконатынан арзан жана 70 пайызга салмагы боюнча жеңил болуп саналат [23].

Акыркы эки он жылдыкта газды бөлүү үчүн адсорбент жана мембрандык материал катары металл органикалык түйүндүн негизинде (Metal organic frameworks – MOF) көңдөйчөлүү кристаллдык материалдардын классы өнүккөн. Ташуучу катары металлорганикалык каркастык түзүлүш колдонулат. MOF – гибриддик цеолиттик сыяктуу материалдарды, органикалык линкерлерди ( мисалы, бензолполикарбондун же бифенилкарбон кислотасын жана органикалык түйүндөрдү) кармайт. Торчонун түйүндөрүндө көп грандуулардын органикалык эмес оксометаллаттарын, цинктин, жездин, кобальттын ж.б. металлдардын иондорун кармаган түрдө болот. MOF – газдарды сактоо үчүн келечектүү материал катары саналат. Бирок, иш жүзүндө металлорганикалык түйүн кеңири колдонула элек [24, 25].

Көмүртектин кош кычкылына жогорку соруп алуучу мүмкүнчүлүгү бар түйүндөр жана материалдарды, жаңы жогорку натыйжалуу жараяндарды издөө уланууда.

## 1.2. Көмүртектин кош кычкылын азайтуучу химиялык сорбенттер

Биринчи кычкыл газдарды өндүрүштүк химиялык жутуп алгыч 1920 – жылы Вильсон, Лэмбом жана Чанней тарабынан сунушталган. Химиялык жутуп алгычтын курамы пайыз (%) менен алганда – $Ca(OH)_2$ -57, цемент -18, кизельгур – 7,5, NaOH – 1,5, $KMnO_4$ – 3, $H_2O$ – 13. Калийдин перманганаты хемосорбентке кычкылдаткыч катары, цемент туруктуулукту жогорулатуу үчүн, кизельгур көңөйдөчөлүүлүктү жогорулатуу үчүн киргизилген [26].

Вильсондун изилдөөсү көмүртектин кош кычкылын жутуу үчүн “Натронная известь” деп аталган 4% - NaOH, 84% - $Ca(OH)_2$, 16 -18% - $H_2O$ кармаган химиялык курам керек экендигин көргөзгөн.

Россия Федерациясынын өнөр жайында акиташтык химиялык жутуп алгыч өткөн жүз жылдын кыркынчы жылынан бери чыгарылат. Жутуп алгыч 13 – 19% нымдуулукту кармайт, ак жана ачык – боз түстөгү бөлүкчөлөрдү элестетет. Чет элдеги акиташтык химиялык жутуп алгыч өнөктөштөрү болуп Sodalime, Baralyme, Carbolime, Sodasorb ж.б. эсептелет жана ошондой эле таблетка жана бөлүкчөлөр түрүндө чыгарылат.

Өнөр - жайда өндүрүлгөн кальцийдин суу кычкылынын негизинде болгон бөлүкчө формасындагы белгилүү хемосорбенттердин олуттуу кемчиликтери бар: эксплуатация жараянында жутуп алгычтын талкаланышы, чаңдашы, төмөнкү туруктуулугу ж.б.

Акыркы он жылдыкта көмүртектин кош кычкылын жутуучулардын техникалык мүнөздөмөлөрүн жакшыртуу ыкмаларынын бирине алардын формасын өзгөртүү боюнча багыттар каралууда, мисалы, бөлүкчөдөн лист, лента жана рулон түрүндөгү материалга өтүү. Мындай кабыл алуу хемосорбция жараянынын ийгиликтүү жүрүшү үчүн активдүү жер бетин чоңойтууну камсыз кылат, чоң салмактагы заттардын салмагын азайтат.

Адамды түтүндөн жана зыяндуу заттардан сактоо үчүн колдонулган бардык каражаттар коллективдик жана индивидуалдык болуп бөлүнөт.

Индивидуалдык түрдөгү дем алуучу жабдыктарга газ, кен жана өрт иштеринде обочолонгон кычкылтектик аппараттар (Р – 30, Р – 34, Урал – 10 М, КИП – 8 ж.б.) колдонулат. Респиратор Р – 30 көмүр казуу шахталарындагы техникалык иштерде ж.б. өндүрүш тармактарында адамдын дем алуу органдарын сактоо керек болгон жерде колдонулат. Респиратор “Урал -10 М” өрт өчүрүүдө зыяндуу химиялык өндүрүш мекемелеринде кырсыктын кесепеттерин алдын алууда дем алуу органдарын жана адамдын көзүн терс таасирлерден сактоо үчүн колдонулат [27, 28, 29].

Адамды түтүндөн жана зыяндуу заттардан сактоо үчүн колдонулган кээ бир жекече жабдыктардын б.а. кээ бир респираторлордун маркалары 1.2.1 - сүрөттө көрсөтүлгөн.



Cis-Lunar MkVI Discovery (Швеция)



Урал-10 жана Урал-10 М (Россия Федерациясы)




ИДА-71 (Россия Федерациясы)



Майдаланган көмүртектин кош кычкылын жутуп алуучу картриж



Draeger DolpHin (Германия)

Сүрөт 1.2.1. Адамды түтүндөн  жана зыяндуу заттардан сактоо үчүн колдонулган кээ бир жекече жабдыктардын (респираторлордун) маркалары

Коллективдик түрдөгү коргонуудагы патрон РП – 100: химиялык акиташтык жутуп алгыч бөлүкчөлөрү менен 18 – 35 $^{o}$С температурада жана 30 - 95% салыштырмалуу нымдуулукта бир жолку колдонуу үчүн иштелип чыккан. Патрон РП – 100 металлдан жасалган, түбү жана капкагы бар жабдык. 1.2.2 -сүрөттө көрсөтүлгөндөй патрон РП – 100 дүн ичинде тешикчелери бар чоң цилиндр жана негизги труба жайгашкан, ал эми алардын ортосунда болсо химиялык жутуп алгыч

жайгашкан. Патрон РП – 100 дүн диаметри 100 мм болгон 3 көзөнөкчөсү бар. Капталындагы көзөнөкчөдөн аба кирип турат, ал эми 2 көзөнөкчөгө тазалануучу аба келип түшөт (чыгымы 100 $м^3$ / саат ) [30].



Сүрөт 1.2.2. Коллективдик акиташтык жутуп алгыч Патрон РП-100

Акиташтык жутуп алгыч химия жана нефтехимияда, көмүр өндүрүү ж.б. тармактарда газдык аралашмадан коргоо үчүн колдонулат [31].

Азыркы учурда чет элдик базарларда химиялык жутуп алгычтар кальцийдин суу кычкылына негизделген түрдө кеңири коюлган.

Россия Федерациясынын өндүрүшүндө акиташтык жутуп алгыч жарым кылымдан көп ГОСТ - 6755 – 88 боюнча чыгарылат. Ал 96% дан аз эмес $Ca(OH)_2$, 4% NaOH ( кургак затка эсептегенде ), нымдуулугу 13 – 19% болгон химиялык курамдан турат. 1.2.3 – сүрөттө берилгендей салттык технология боюнча натрийдин суу кычкылынан жана аз магнезиалдык акиташтан алынган акиташтык жутуп алгыч ак жана ачык боз түстөгү бөлүкчөнү элестетет [32].



Сүрөт 1.2.3. Акиташтык жутуп алгычтын сырткы көрүнүшү

Акиташтык хемосорбенттерди Россия Федерациясы, Улуу Британия, Германия, АКШ ж.б. өлкөлөр чыгарышат. Акиташтык хемосорбенттердин дүйнөлүк башкы фирмалары болуп Draegererwerk A.G. (Германия), W.R. Grace and Co., Armstrong Medical Ltd. (Улуу Британия), Micropore, Inc. (АКШ) ж.б. эсептелет. Дүйнөлүк тажрыйбада орун алган негизги жутуп алгычтардын маркаларына Sodalime, Baralyme, Carbolime, Sodasorb, Spherasorb, Sofnolime, DraegerSorb ж.б. кирет. $CO_2$ ни жутуп алуучу, адамдын дем алуу органдарын коргоочу акиташтык жутуп алгычтын химиялык курамы иштеп баштаган күндөн тартып чет өлкөлөрдө жана ошондой эле Россия Федерациясында дагы өзгөргөн жок. $CO_2$ ни акиташтык жутуп алуучулардын бардык маркалары болжолдуу түрдө бирдей химиялык курамда жана бөлүкчө, таблетка, жарым шар жана шар түрүндө болот жана ошондой эле салттык технология менен компоненттердин кошулуусу менен коюу түрдөгү абалга келип көлөм берилет жана кургатылат. 1.2.1 – жадыбалда көрсөтүлгөндөй химиялык акиташтык жутуп алгычтар ар кайсы өлкөлөрдө ар кандай фирмада жана маркада жасалат. Мисалы, Германиянын Draegerwerk фирмасында акиташтык жутуп алгычтардын ар кандай маркалары иштелип чыккан: Draegersorb400, Draegersorb500, Draegersorb800, Draegersorb800Plus ж.б. Draegersorb800 жана Draegersorb800Plus маркаларын карайлы. Бул маркалар негизинен анестезиологияда колдонулат. Draegersorb800Plus жарым шар түрүндө болгондуктан каналдар пайда болбойт, газ адсорбердин көлөмү боюнча бирдей таралат, көмүртектин кош кычкылын натыйжалуу соруууну камсыздайт жана хемосорбент толук колдонулат. Draegersorb800Plus механикалык таасирлерге

бышыктыгы жана туруктуулугу менен айырмаланат. Draegersorb800Plus хемосорбентинин курамы 81% $Ca(OH)_2$, 3% NaOH, 16% $H_2O$ жана түстүү индикатордон турат [33].

Жадыбал 1.2.1. $CO_2$ нин жогорку концентрациясынан абаны тазалоочу кальцийдин суу кычкылынын негизиндеги химиялык азыктардын маркалары жана өндүрүүчүлөрдүн фирмалары

| Компания | Өлкө | Азыктын аталышы/орточо баасы, р/кг | Азыктын курамы, % | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | $H_2O$ | NaOH | KOH | $Ca(OH)_2$ | Башка кошулмалар |
| AlliedHealthcare/ Chemetron | Улуу Британия | Baralyme/240 | 11,0...16,0 | 0 | <5 | 73 | $Ba(OH)_2$ |
| Allied Healthcare | Улуу британия | Carbolime | 12,0...19,0 | 3 | 0 | >75 | – |
| W.R. Grace and Co. | Улуу британия | Sodasorb/200 | 15,0...17,0 | 3,7 | – | 50...100 | – |
| Smiths Medical PM, Inc., W.R. Grace &Company | Улуу британия | Sodasorb LF/250 | | | | | |
| W.R. Grace andCo. | Улуу британия | SodasorbHP/220 | 14,0...19,0 0...7,0 | 3,7 | – | 50...100 | – |
| Smiths Medical PM, Inc., W.R. Grace & Co. | Улуу британия | Sodasorb | | | | | |
| Intersurgical Ltd. | Улуу британия | Intersorb Plus | 13,5...17,5 | 2,6 | 0 | 81 | |
| Intersurgical Ltd. | Улуу британия | SpHerasorb | 13,5...17,5 | 1,3 | 0 | 78 | 4% цеолит |
| Wako | Япония | Wakolime A | 13 | 1,3 | 2,6 | 80 | $SiO_2$, $Mg(OH)_2$, $Al(OH)_3$ |
| Intersurgical Ltd. | Улуу британия | LoFloSorb | 13,5...17,5 | 0 | 0 | 78 | 6,5% силикат |
| ArmstrongMedical Ltd | Түндүк Ирландия | AMsorb/330 | 13,5...16,5 | 0 | 0 | 79...82 | $CaCl_2$, $CaSO_4$, PVP |
| Armstrong Medical Ltd | Түндүк Ирландия | Amsorb Plus | 13,0...18,0 | 0 | 0 | >80 | $CaCl_2$ |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Draegerwerk A.G. | Германия | Draegersorb400 | | | | | |
| Draegerwerk A.G. | Германия | Draegersorb 500 | 14 | ~2 | ~3 | 80 | – |
| Draeger Medical, Inc. | Германия | Draegersorb 800 | 14 | ~2 | 0 | 80 | $SiO_2$, $Mg(OH)_2$, $Al(OH)_3$ |
| Draeger Medical, Inc. | Германия | Draegersorb 800 Plus | ~16 | 1...3 | жок | 75...83 | Ethylviolet индикатору |
| Draeger Medical, Inc. | Германия | Draegersorb Free | 14...18 | 0,5...2 | жок | 74...82 | 3...5 $CaCl_2$ |
| Airgas/Molecular Products | Улуу британия | Sodalime | – | <3,5 | 2,6 | >80 | _ |
| Molecular Products | Улуу британия | Sofnolime/180 | 12...19 | <3,5 | 0 | – | – |
| Flexicare medical Ltd. | Улуу британия | Ventisorb | Курамы берилбейт | | | | |
| GE Medical/Molecular | | Products Medisorb | 16...20 | <3,5 | 0,003 | 70...80 | $SiO_2$, $Mg(OH)_2$, Al(OH)3 |
| Akron Healthcare Pvt. Ltd., India Delhi | Индия | Akrosorb | 16...19 | <3,5 | 0 | 70...80 | – |
| г. Тамбов; г.Дзержинск, Нижегород. обл. | Россия Федерациясы | ХП-И, ХПИ-Г/ от 96 | 1 6...21 | 4 | 0 | 96 | – |

# 2. БӨЛҮМ. ЭКСПЕРИМЕНТАЛДЫК ИШТЕР

## 2.1. Көмүртектин кош кычкылынын эритмедеги эришин аныктоо

Суудагы эркин көмүртектин кош кычкылын өлчөмү 0,1н NaOH же $Na_2CO_3$ түн эритмесине индикатор катары фенолфталеинди кошуп титрлөө жолу менен аныкталды:

$$NaOH + CO_2 = NaHCO_3,$$

$$Na_2CO_3 + CO_2 + H_2O = 2NaHCO_3.$$

Фенолфталеиндин түсүнүн ачык кызгылтка өзгөрүшү (pH=8,4) реакциянын аяктаганын билдирди. Стандарттык эритменинин даярдалышы: капкагы бар склянкага 200 мл дистирленген суу куюлуп, 0,5 мл 10% NaOH эритмеси кошулду; эритме аралаштырылды жана 0,2 мл суюлтулган 0,1% фенолфталеин менен аракетке келди. Мындай эритменин түсү pH=8,4 туура келет.

Эритилген көмүр кислотасынын саны (X) төмөнкү формула боюнча аныкталды, (мг/л)

$$X = \frac{W_1 N \varepsilon 1000}{W_2}; \text{ мг/л}$$

$W_1$ – NaOH же $Na_2CO_3$ эритмесинин титрлегенге кеткен көлөмү, мл

$N_1$ – титранттын нормалдуулугу

$\varepsilon$ – $CO_2$ нин миллиграмм-эквиваленти

$W_2$ – титрлегенге алынган аныкталуучу эритменин көлөмү, мл [34].



Сүрөт 2.1.1. Крандан алынган суу үлгүсүн 0,1н NaOH эритмеси менен титрлөө



Сүрөт 2.1.2. Титрленген жана эркин көмүртектин кош кычкылы аныкталган суу үлгүсү

Эркин көмүртектин кош кычкылынын орточо мааниси эксперименталдык жол менен эсептелип, үлгү (ичме) сууда 6,6 мг/л болду.



Сүрөт 2.1.3. Моделдик суу үлгүсүндө көмүртектин кош кычкылынын концентрациясын жогорулатуу менен pH маанисин аныктоо




| $CO_2$, моль | pH |
|---|---|
| 25,65 | 5,57 |
| 30,10 | 5,34 |
| 32,85 | 5,23 |
| 37,50 | 5,16 |
| 39,85 | 5,13 |
| 42,15 | 5,06 |

Диаграмма 2.1.1. Суу-көмүртектин кош кычкылы системасындагы суутектик көрсөткүчтүн көмүртектин кош кычкылынын концентрациясынан көз карандылыгы, T=293,15 K [35].




| T,K | $CO_2$, моль |
|---|---|
| 288,15 | 3,60 |
| 293,15 | 4,24 |
| 298,15 | 5,72 |
| 303,15 | 5,85 |

Диаграмма 2.1.2. Көмүртектин кош кычкылынын температурадан көз карандылыгы [35].

## 2.2. Көмүртектин кош кычкылынын Ca, Na кычкыл, суу кычкыл эритмелериндеги каныгуулары

Кальцийдин кычкылы суу менен жылуулук бөлүп чыгуу менен реакцияга кирет:

$$CaO + H_2O = Ca(OH)_2;$$

Кальцийдин суу кычкылы абада турганда акырындык менен тунук абалдан түсүн өзгөртүп чаңгылт түскө нейтрализация реакциясынын шартында өтөт, б.а. кальцийдин суу кычкылы абага жутулган көмүртектин кош кычкылы менен реакцияга кирет. Өчүрүлгөн акиташка көмүртектин кош кычкылын жибергенде ак түстөгү чөкмө түшөт:

$$Ca(OH)_2 + CO_2 = CaCO_3\downarrow + H_2O.$$

Эгерде көмүртектин кош кычкылын жогорку концентрацияда жиберсек эритме кайра тунук абалга өтөт, бул учурда кычкыл туз б.а. кальцийдин гидрокарбонаты

пайда болот, ал эритмени ысытсак ал кайра көмүртектин кош кычкылын бөлүп чыгуу менен ажырайт жана кальцийдин карбонаты түрүндөгү чөкмө түшөт:

$$CaCO_3\downarrow + H_2O + CO_2 \leftrightarrow Ca(HCO_3)_2$$ [37].

1) Лабораториялык шартта 0,002н $Ca(OH)_2$ эритмеси даярдалды, ага концентрациясын улам жогорулатуу менен $CO_2$ жиберилди, pH жана $CaCO_3\downarrow$ маанилери аныкталды.

2) Лабораториялык шартта 0,0007н $Ca(OH)_2$ эритмеси даярдалды, ага концентрациясын улам жогорулатуу менен $CO_2$ жиберилди, pH мааниси аныкталды.

Жадыбал 2.2.1. Кальцийдин кычкылы – суу – системасына (0,002н $Ca(OH)_2$) $CO_2$ ни жибергендеги pH мааниси жана чөкмөнүн түшүүсү ($CaCO_3\downarrow$)

| $CO_2$, моль | pH | $CaCO_3\downarrow$ (чөкмө), г |
|---|---|---|
| 0,005 | 11,30 | 0,03 |
| 0,009 | 11,00 | 0,05 |
| 0,014 | 10,60 | 0,07 |
| 0,019 | 6,90 | 0,06 |
| 0,023 | 6,60 | 0,05 |
| 0,027 | 6,50 | 0,06 |
| 0,032 | 6,30 | 0,03 |

Жадыбал 2.2.2. Кальцийдин кычкылы – суу – системасына (0,002н $Ca(OH)_2$) $CO_2$ ни жибергендеги pH мааниси

| $CO_2$, моль | pH |
|---|---|
| 0,007 | 10,9 |
| 0,011 | 7,30 |
| 0,013 | 6,40 |
| 0,020 | 6,30 |
| 0,022 | 6,10 |
| 0,034 | 5,80 |
| 0,045 | 5,60 |




| $CO_2$, моль | pH |
|---|---|
| 0,005 | 11,30 |
| 0,009 | 11,00 |
| 0,014 | 10,60 |
| 0,019 | 6,90 |
| 0,023 | 6,60 |
| 0,027 | 6,50 |
| 0,032 | 6,30 |

Диаграмма 2.2.1. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы (0,002н $Ca(OH)_2$) суутектик көрсөткүчтүн көмүртектин кош кычкылынын концентрациясынан көз карандылыгы, Т=293,15 К




| $CO_2$, моль | $CaCO_3$↓ (чөкмө), г |
|---|---|
| 0,005 | 0,03 |
| 0,009 | 0,05 |
| 0,014 | 0,07 |
| 0,019 | 0,06 |
| 0,023 | 0,05 |
| 0,027 | 0,06 |
| 0,032 | 0,03 |

Диаграмма 2.2.2. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы (0,002н $Ca(OH)_2$) кальцийдин карбонатынын көмүртектин кош кычкылынан көз карандылыгы




| $CO_2$, моль | pH |
|---|---|
| 0,007 | 10,90 |
| 0,011 | 7,30 |
| 0,013 | 6,40 |
| 0,02 | 6,30 |
| 0,022 | 6,10 |
| 0,034 | 5,80 |
| 0,045 | 5,60 |

Диаграмма 2.2.3. Кальцийдин кычкылы – суу – көмүртектин кош кычкылы системасындагы (0,0007н $Ca(OH)_2$) суутектик көрсөткүчтүн көмүртектин кош кычкылынын концентрациясынан көз карандылыгы, Т=293,15 К

Хемосорбция жараяны көптөн бери белгилүү жана анын механизми толук, жакшы изилденген. Ным абадагы жутуп алгычтын көмүртектин кош кычкылына химиялык активдүүлүгү – кычкыл газдардан абаны тазалоо үчүн иштелип чыккан материалдардын бирден – бир негизги сапаттык көрсөткүчү. Ным жок болсо кальцийдин суу кычкылы $CO_2$ менен аракетке келбей турганы белгилүү. Акиташтык жутуп алгычтар менен $CO_2$ нин аракетке келиши жегич шелочь NaOH (же KOH) эритмесинин пленкасы аркылуу ишке ашырылат. Натрийдин же калийдин суу кычкылы $CO_2$ менен аракетке келгенде натрийдин же калийдин карбонаты пайда болот. Хемосорбция жараяны төмөнкү реакциялардын жардамы менен жүрөт:

$$CO_2 + H_2O = H_2CO_3;$$

$$H_2CO_3 + 2MeOH = Me_2CO_3 + H_2O;$$

$$Me_2CO_3 + Ca(OH)_2 = CaCO_3 + 2MeOH;$$

$$\text{Сумма: } CO_2 + Ca(OH)_2 = CaCO_3 + H_2O,$$

бул жерде, Me= Na, K.

Натрийдин же калийдин суу кычкылы газ - аба аралашмасынан ар кандай аз концентрацияда болсо дагы кычкыл газдардын аралашмасын жутуп алат [35]. Нымдуулуктун берилген чектүү деңгээлге чейин көтөрүлүшү жутуп алгычтын $CO_2$

ге болгон активдүүлүгүн жогорулатат. Хемосорбенттердин азыркы учурдагы кемчилиги болуп $CO_2$ ни жутуп алуудагы реакциянын төмөнкү ылдамдыгы жана стехиометриялык идишти колдонуу болуп саналат. Кычкыл газдарды жутуп алгычтын иштөө мүмкүнчүлүгүнө химиялык факторлор (активдүү компоненттердин курамы, нымдуулук, түзүлүүгө келтирүүчү кошулмалар ж.б.) ж.о.э. физикалык факторлор, мисалы, бөлүкчөнүн өлчөмү, жутуп алгычтын катмары, көйдөйчөлүүлүк, туруктуулук, хемосорбция жараянынын сырткы шарттары: температура, нымдуулук, газ - аба аралашмасынын ылдамдыгы ж.б. кирет [38].

